**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАХМУД КАШГАРИ-БАРСКАНИ**
**атындагы**
**ЧЫГЫШ УНИВЕРСИТЕТИ**

Кыргыз Республикасы, 720022
Бишкек ш., Э. Ибраев к., 6а
тел.: 33-73-81, 33-73-68
Эсеп счёту: 1030120000504028 Св.р
ИНН 02004199810135

**Mahmud**
**Kashgari-Barskani**
**Eastern University**

**E-mail:** vostok04@rambler.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ВОСТОЧНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**
**имени**
**МАХМУДА КАШГАРИ-БАРСКАНИ**

Кыргызская Республика, 720022
г. Бишкек, ул., Э. Ибраева, 6а
тел.: 33-73-81, 33-73-69
Р/счет 1030120000504028 Св.р,
ИНН 02004199810135

---

**Буйрук\Приказ. № 01/13 -06**
**от « 24 » октября 2016-ж.**

**«Эмгек тартиби жөнүндө»**

Эмгек тартибин сактоо жана ички тартиптин эрежелерин , ошондой эле иш берүүчү менен кызматкердин ортосундагы эмгек келишимин аткаруу максатында

**БУЙРУК КЫЛАМЫН:**

1. Эмгек тартиби жана этика боюнча комиссиянын иштери жандандырылсын.
   Комиссиянын курамы төмөнкүдөй бекитилсин:

| | |
|---|---|
| Төрайым - | Болджурова А.С. |
| Комиссия мүчөлөрү: | Али Аль Абду |
| | Махмуд Исмаил |
| | Тагаева Н.И. |
| | Курманали к. Мира |
| | Булатаева В.В. |
| | Карынов Ч.К. |
| | Султанова К. |
| Катчы - | Акматова А. |

2. Чыгыш университетинин ички тартибинин эрежелерин аткаруунун жана окуу сабактарын системалуу текшерүүнү өткөрүү, ПОК, ОККди текшерүү, окуу усулдук бөлүмгө, кафедра башчыларына жүктөлсүн.
3. Кафедра башчыларына бекитилген сабактардын жүгүртмөсүнө ылайык окуу процессин жүргүзүү, сабактарды үзгүлтүккө учуратууга жана убак-убак алмаштырууга жол бербөө милдеттендирилсин. *Билим берүү программаларына ылайык студенттерди окутуунун сапатына жоопкерчилик кафедра башчыларына жүктөлсүн.*
4. Окутуучулар тарабынан окуу-эмгектик тартип бузулган учурунда макулдашууга ылайык форма 1 толтурулуп (тиркелет), этика жана эмгек комиссиясынын кароосуна жумалык мөөнөт ичинде сунушталсын.

5. Университеттин бардык кызматкерлеринин эмгек дисциплинасынын жана жумуш убактысынын режиминин аткарылышы кызматкерлер менен иштөө бөлүмү тарабынан көзөмөлгө алынсын.

6. ПОКдын окуу сабактарынын жүгүртмөсүнөн тышкары консультациялардын жана жумуш күнүнүн узактыгынын иш графиги кафедра башчылары тарабынан түзүлсүн жана кыймылга келтирилсин.

7. Окутуучулар жана кызматкерлер тарабынан ички тартип эрежелери бузулган учурда:

- Ректордун буйругу менен эскертүү же сөгүш жарыялансын, ошондой эле жыл ичинде акчалай сыйлыктан жана сыйлоолордон ажыратылсын;
- Кызматкердин жумушта 3 сааттан ашык жок болушу прогул катары эсептелип, КРнын ЭМна ылайык жумуштан кетирүүгө негиз боло алат;
- Профессордук-окутуучулук курамдын окуу сабактарын үзгүлтүккө учуратышы эмгек тартибинин бузулушу болуп эсептелет жана тартиптик жаза колдонууга негиз болушу мүмкүн, ал эми эмгек тартибин бузуу кайталанса дисциплинардык жаза иштен бошотууга жана эмгек келишимин бузууга алып келет;
- Тартиптик жаза алган адамдардын жазасы ректор тарабынан мөөнөтүнөн мурда алынбаса бардык сыйлыктардан ажыратылат;
- ПОК жана кызматкерлер менен эмгек келишимин түзүүдө жана конкурстан өткөрүүдө эске алуу максатында ОМБ жана ОРП ректорго ПОК жана кызматкерлердин окуу-эмгектик дисциплинасынын бузулушу жөнүндө маалымат ректорго берилсин.

8. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы окуу-методикалык бөлүмгө жана кызматкерлер менен иштөө бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Ректор** **Ибраев А.О.**

*Таркатылсын: ОБ, деканатка, проректорлорго, кафедраларга*

*Аткаруучу: катчы-референт Назаралиева Д.О.*